| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br><br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br><br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА |
|---|---|---|

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ПАНФИЛОВ РАЙОНУНДАГЫ КУРАМА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**Курама айылдык кеңештин депутаттарынын 10-чакырылышынын кезектүү 11-сессиясынын**

## № 34 ТОКТОМУ

"10" октябрь 2025-жыл Панфилов айылы

**"Курама-Суу" муниципалдык ишканасынын техникасынын калкка кызмат көрсөтүүсү боюнча тарифтик баасын бекитүү жөнүндө**

"Курама-Суу" муниципалдык ишканасынын сунушунун негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 18 жана 19-беренелерине, "Мамлекеттик жана муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамына, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алуу менен Курама айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1."Курама-Суу "муниципалдык ишканасынын техникасынын калкка кызмат көрсөтүүсү боюнча тарифтик баалары төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин.

- Жүк жүктөөчү машина (фронтальный погрузчик) 1 саатка 2500 (эки миң беш жүз) сом баага дизель/бензин кирет.
- Авто мунара 1 саатка (авто вышка) 2500 (эки миң беш жүз) сом баага дизель/бензин кирет.
- Экскаватор 1 саатка 2500 (эки миң беш жүз) сом баага дизель/бензин кирет.

- Трактор 1 саатка 800 (сегиз жүз) сом дизель/бензин өзүнчө эсептелет.

2. Социалдык жактан аз камсыз жана жакыр жашаган үй-бүлөлөргө 50% (элүү пайыз) арзандатуу колдонулсун.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө укугу айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К. Джумагулов**